КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК

0002318 8
0251121 3

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

04 марта 2020 № 19

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Бишкек шаарынын аймагында коронавирустук инфекциянын жана башка жугуштуу оорулардын пайда болушун жана тарап кетишин алдын алуу жана жол бербөө боюнча айрым чаралар жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 41-беренесине ылайык, Бишкек шаарынын аймагында коронавирустук инфекциянын жана башка жугуштуу оорулардын пайда болушун жана тарап кетишин алдын алуу жана жол бербөө максатында, Кыргыз Республикасынын аймагына коронавирустук инфекциянын киргизилишин алдын алуу жана тарап кетишине жол бербөө боюнча республикалык штабдын 2020-жылдын 27-февралындагы сунуштарынын негизинде, Бишкек шаарынын вице-мэри Т.А. Кузнецованын Бишкек шаарынын мэриясынын “Бишкек шаарынын аймагында коронавирустук инфекциянын жана башка жугуштуу оорулардын пайда болушун жана тарап кетишин алдын алуу жана жол бербөө боюнча айрым чаралар жөнүндө” токтомунун долбооруна карата 2020-жылдын 4-мартындагы маалымкатын эске алып, токтом кылам:

1. Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин жетекчилери Бишкек шаарынын аймагында 100 адамдан ашык адам катышкан бардык маданий-массалык, спорттук жана майрамдык иш-чараларды токтотушсун.

2. Бишкек шаарынын администрациялык райондорунун башчылары мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан уюштурулган расмий иш-чаралардан тышкары Бишкек шаарынын аймагында 2020-жылдын 1-июлуна чейин тынч чогулуштарды, митингдерди, жүрүштөрдү өткөрүүнү чектөө боюнча тийиштүү чараларды кабыл алышсын.

3. Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык саламаттык сактоо башкармалыгы, Бишкек шаарынын мэриясынын Социалдык өнүктүрүү

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МЭРИЯ города БИШКЕК

0002318 8
0251121 3

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

04 марта 2020 № 19

Бишкек ш.
г. Бишкек

**О некоторых мерах по предупреждению и недопущению возникновения и распространения коронавирусной инфекции и других инфекционных заболеваний на территории города Бишкек**

В соответствии со статьей 20 Конституции Кыргызской Республики, статьей 41 Закона Кыргызской Республики «О местном самоуправлении», в целях предупреждения и недопущения возникновения и распространения коронавирусной инфекции и других инфекционных заболеваний на территории города Бишкек, на основании рекомендаций Республиканского штаба по предупреждению завоза и недопущению дальнейшего распространения коронавируса на территории Кыргызской Республики от 27 февраля 2020 года, принимая во внимание справку вице-мэра города Бишкек Кузнецовой Т.А. от 4 марта 2020 года к проекту постановления мэрии города Бишкек «О некоторых мерах по предупреждению и недопущению возникновения и распространения коронавирусной инфекции и других инфекционных заболеваний на территории города Бишкек», постановляю:

1. Руководителям структурных, территориальных подразделений, хозяйствующих субъектов мэрии города Бишкек отменить все культурно-массовые, спортивные и праздничные мероприятия на территории города Бишкек с участием свыше 100 человек.

2. Главам административных районов города Бишкек принять соответствующие меры по ограничению проведения мирных собраний, митингов, шествий на территории города Бишкек до 1 июля 2020 года, за исключением официальных мероприятий, организуемых государственными органами и органами местного самоуправления.

3. Городскому управлению здравоохранения мэрии города Бишкек, Управлению социального развития мэрии города Бишкек, Управлению образования мэрии города Бишкек совместно с Центром государственного санитарно-эпидемиологического надзора города Бишкек внести в установленном порядке предложения по введению эффективных мер,

башкармалыгы, Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы Бишкек шаарынын мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору менен биргелешип Бишкек шаарынын социалдык, медициналык жана билим берүү мекемелеринде коронавирустук инфекциянын жана башка жугуштуу оорулардын пайда болушун жана тарап кетишин алдын алууга жана жол бербөөгө багытталган натыйжалуу чараларды жүргүзүү боюнча белгиленген тартипте сунуш киргизишсин.

4. Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын коомчулук менен байланыштар боюнча бөлүмү Бишкек шаарынын аймагында коронавирустук инфекциянын жана башка жугуштуу оорулардын пайда болушун жана тарап кетишин алдын алуу жана жол бербөө боюнча чаралар жөнүндө маалыматтык кампанияны туруктуу негизде белгиленген тартипте жүргүзсүн.

5. Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык транспорт башкармалыгы, Бишкек троллейбус башкармалыгы, "Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорттук ишканасы" муниципалдык ишканасы коомдук транспорттун салондорун үзгүлтүксүз санитардык тазалоону камсыздашсын.

6. Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык чарба департаменти социалдык объекттерди, турак жай-коммуналдык чарба ишканаларын дезинфицирлөөчү каражаттар менен иштеп чыгуу, катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу жана таштанды салуучу контейнерлерди жана аянттарды тазалоо боюнча жумуштарды күчөтсүн.

7. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек башкармалыгы Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын, Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин кызматкерлери үчүн медициналык бет каптарды сатып алууга карата белгиленген тартипте акча каражат караштырсын.

8. Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрүнүн жана чарба жүргүзүүчү субъекттеринин жетекчилеринин ушул токтомдун аткарылышы үчүн жеке жоопкерчиликтери белгиленсин.

9. Кыргызстан мусулмандарынын Диний башкармалыгына, Орус Православдык чиркөөсүнүн Бишкек жана Кыргызстандык епархиясына Бишкек шаарынын аймагында көпчүлүк катышуучу диний салттарды жана земдерди өткөрүү үчүн адамдардын массалык чогулушун чектөөгө багытталган тийиштүү чараларды кабыл алуу сунушталсын.

10. Соода-көңүл ачуу борборлорунун, базарлардын, тойканалардын жана башка адамдар массалык чогулуучу жана эс алуучу жерлердин ээлерине, администрацияларына коронавирустук инфекциянын жана башка жугуштуу оорулардын пайда болушун жана тарап кетишин алдын алууга жана жол бербөөгө багытталган натыйжалуу чараларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу сунушталсын.

направленных на предупреждение и недопущение возникновения и распространения коронавирусной инфекции и других инфекционных заболеваний в социальных, медицинских и образовательных учреждениях города Бишкек.

4. Отделу по связям с общественностью центрального аппарата мэрии города Бишкек на постоянной основе проводить в установленном порядке информационную кампанию о мерах по предупреждению и недопущению возникновения и распространения коронавирусной инфекции и других инфекционных заболеваний на территории города Бишкек.

5. Управлению городского транспорта мэрии города Бишкек, Бишкекскому троллейбусному управлению мэрии города Бишкек, муниципальному предприятию «Бишкекское пассажирское автотранспортное предприятие» обеспечить регулярную санитарную уборку салонов общественного транспорта.

6. Департаменту городского хозяйства мэрии города Бишкек усилить работу по обработке дезинфицирующими средствами социальных объектов, предприятий жилищно-коммунального хозяйства, вывозу твердых бытовых отходов, очистке мусорных баков и площадок.

7. Бишкекскому управлению Министерства финансов Кыргызской Республики в установленном порядке изыскать денежные средства на приобретение медицинских масок для сотрудников центрального аппарата мэрии города Бишкек, структурных, территориальных подразделений, хозяйствующих субъектов мэрии города Бишкек.

8. Установить персональную ответственность руководителей структурных, территориальных подразделений, хозяйствующих субъектов мэрии города Бишкек за исполнение настоящего постановления.

9. Рекомендовать Духовному управлению мусульман Кыргызстана, Бишкекской и Кыргызстанской епархии Русской Православной церкви принять соответствующие меры, направленные на ограничение массового скопления людей для совершения публичных религиозных обрядов и церемоний на территории города Бишкек.

10. Рекомендовать владельцам и администрациям торгово-развлекательных центров, рынков, ресторанов и других мест массового скопления и отдыха людей разработать и принять эффективные меры, направленные на предупреждение и недопущение возникновения и распространения коронавирусной инфекции и других инфекционных заболеваний.

11. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на первого вице-мэра, вице-мэров города Бишкек, руководителя аппарата мэрии города Бишкек, глав административных районов города Бишкек, руководителей городских служб.

Мэр А.Э. Суракматов

11. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын биринчи вице-мэрине, вице-мэрлерине, Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисине, Бишкек шаарынын администрациялык райондорунун башчыларына жана шаардык кызматтардын жетекчилерине жүктөлсүн.

**Мэр** **А.Э. Суракматов**

ТОКТОМДОР БӨЛҮГҮ
ПРОТОКОЛЬНАЯ ЧАСТЬ